## Мамлекеттик казына векселдер рыногу
### *(2015-жылдын декабрь айы)*

**1-график. МКВга суроо-талап жана аларды жайгаштыруулар**




Өткөн айга салыштырганда кароого алынып жаткан мезгил ичинде, Финансы министрлигинин мамлекеттик казына векселдеринин жарыяланган эмиссиясынын көлөмү 740,0 млн сомду түзүү менен 23,№ пайызга жогорулатылган.

Финансы рыногунун аталган сегментинде коммерциялык банктардын жигердүүлүгүнүн төмөндөөсүнүн алкагында суроо-талап көлөмү ай ичинде 60,0 пайызга, 147,6 млн сомго чейин азайган. Мында, жүгүртүү мөөнөтү 12 айлык МКВларды сатуулар 71,8 пайызга, 79,5 млн сомго чейин, 6 айлык МКВларды сатуулар – 4,3 пайызга, 68,1 млн сомго чейин төмөндөгөн, ал эми 3 айлык векселдер кароого алынган мезгил ичинде катышуучулар тарабынан суроо-талапка ээ болгон эмес.

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде МКВнын бардык түрлөрү боюнча орточо алынган кирешелүүлүктүн жалпы көрсөткүчү ай ичинде 0,1 пайыздык пунктка жогорулоо менен 13,5 пайыз өлчөмдө түптөлгөн. Жүгүртүү мөөнөтү 6 айлык баалуу кагаздардын кирешелүүлүгү 13,2 пайызды (+0,5 пайыздык пункт), ал эми 12 айлык – 13,7 пайызды (+0,1 пайыздык пункт) түзгөн.

**2-график. МКВ аукциондорунун көлөмүнүн жана кирешелүүлүгүнүн динамикасы**




Бюджет тартыштыгын таза каржылоо көлөмү кароого алынып жаткан мезгил ичинде (-)147,1 млн сом өлчөмүндө түптөлгөн. Кароого алынып жаткан мезгил ичинде Финансы министрлиги тарабынан 280,8 млн сом суммасына мурда эмитирленген МКВлардын ордун жабуу жүргүзүлгөн (-54,3 пайыз).

**3-график. МКВларды сатуу көлөмүнүн динамикасы**




Жыл башына карата ушул эле көрсөткүчкө салыштырганда кароого алынып жаткан мезгил ичинде жүгүртүүдөгү МКВ көлөмү 3,4 млрд сомго чейин жогорулаган (+10,0 пайыз): МКВнын негизги ээлик кылуучулары – коммерциялык банктардын үлүшү 3,3 пайыздык пунктка, 54,4 пайызга чейин төмөндөгөн. Институционалдык инвесторлордун салыштырма салмагы 45,2 пайызды, юридикалык жактар-резиденттердин салыштырма салмагы – 0,4 пайызды түзгөн (-0,6 пайыздык пункт).

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде экинчилик рынокто МКВ менен операциялар жүргүзүлгөн эмес.

**1-таблица. МКВ орточо айлык кирешелүүлүгүнүн динамикасы**

%

| Мезгил аралыгы | Орточо салмактанып алынган | Мөөнөттүүлүктүн түрү боюнча | | |
|---|---|---|---|---|
| | | 3 ай МКВ | 6 ай МКВ | 12 ай МКВ |
| Декабрь'2014 | 11,1 | - | 10,6 | 11,2 |
| Январь'2015 | 11,3 | 4,6 | 11,2 | 11,5 |
| Февраль | 12,0 | - | 11,7 | 12,0 |
| Март | 12,9 | - | - | 12,9 |
| Апрель | 12,8 | - | 11,9 | 13,1 |
| Май | 12,7 | - | 11,9 | 13,2 |
| Июнь | 13,0 | - | 11,8 | 13,2 |
| Июль | 13,1 | - | 12,0 | 13,2 |
| Август | 12,9 | - | 12,0 | 13,1 |
| Сентябрь | 12,9 | - | 12,2 | 13,2 |
| Октябрь | 12,8 | - | 12,4 | 13,6 |
| Ноябрь | 13,4 | 11,5 | 12,7 | 13,6 |
| Декабрь | 13,5 | - | 13,2 | 13,7 |

*"-" жарыяланган аукциондордун баары өткөрүлбөгөн катары таанылды*

**2-таблица. МКВ кармоочулардын номиналдык нарк боюнча түзүмү**

*миң сом*

| Датасы | Бардыгы болуп | анын ичинде | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Комм. банктар | | Институт. инвестор. | | Резидент жеке адамдар | | Резидент юридик. жактар | |
| | | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак |
| 01.01.2015 | 3 048 150,0 | 1 758 855,4 | 57,7% | 1 258 168,7 | 41,3% | 1 000,0 | 0,0% | 30 125,9 | 1,0% |
| 01.02.2015 | 3 084 670,0 | 1 763 575,4 | 57,2% | 1 289 968,7 | 41,8% | 1 000,0 | 0,0% | 30 125,9 | 1,0% |
| 01.03.2015 | 3 016 170,0 | 1 771 153,2 | 58,7% | 1 213 890,9 | 40,2% | 1 000,0 | 0,0% | 30 125,9 | 1,0% |
| 01.04.2015 | 3 045 170,0 | 1 737 808,8 | 57,1% | 1 281 075,3 | 42,1% | 1 000,0 | 0,0% | 25 285,9 | 0,8% |
| 01.05.2015 | 3 087 710,0 | 1 579 420,3 | 51,2% | 1 491 149,7 | 48,3% | 1 000,0 | 0,0% | 16 140,0 | 0,5% |
| 01.06.2015 | 3 066 260,0 | 1 559 035,7 | 50,8% | 1 490 034,3 | 48,6% | 0,0 | 0,0% | 17 190,0 | 0,6% |
| 01.07.2015 | 3 398 360,0 | 1 675 842,8 | 49,3% | 1 697 227,2 | 49,9% | 0,0 | 0,0% | 25 290,0 | 0,7% |
| 01.08.2015 | 3 580 210,0 | 1 871 881,5 | 52,3% | 1 681 413,5 | 47,0% | 0,0 | 0,0% | 26 915,0 | 0,8% |
| 01.09.2015 | 3 925 210,0 | 2 087 081,8 | 53,2% | 1 804 663,2 | 46,0% | 0,0 | 0,0% | 33 465,0 | 0,9% |
| 01.10.2015 | 3 893 960,0 | 2 032 681,8 | 52,2% | 1 827 363,2 | 46,9% | 0,0 | 0,0% | 33 915,0 | 0,9% |
| 01.11.2015 | 3 789 040,0 | 1 956 331,8 | 51,6% | 1 798 793,2 | 47,5% | 0,0 | 0,0% | 33 915,0 | 0,9% |
| 01.12.2015 | 3 514 990,0 | 1 899 330,4 | 54,0% | 1 582 794,6 | 45,0% | 0,0 | 0,0% | 32 865,0 | 0,9% |
| 01.01.2016 | 3 353 030,0 | 1 825 700,7 | 54,4% | 1 513 964,3 | 45,2% | 0,0 | 0,0% | 13 365,0 | 0,4% |